Бек Борбиев "Көгүчкөн"

Көкмөк моюн көгүчкөн,

Сүйдүм деп бир көрүштөн.

Кучагыма куладың кайра-кайра,

Кайра тартпай өбүштөн.

Издеп азыр калам,

Эми кайдан табам?

Издеп сени барам,

Эми кайда барам?

Кайырма:

Бир оролуп албадым,

Мен сенин гүл жыттанган моюнуңа.

Билдим, бирок барбадым,

Сен күткөн сезимиңдин коюнуна.

Кээде өкүнүп, өкүнбөй,

Түшүнбөйм, бирок эмне ошондо.

Сөздөрүңө ишенбей,

Көздөрүңө ишенбей,

Али жаш кыз экен деп мен койдум да.

Бул эмнең, ой, булбулум?

Буулуктурган кургурум.

Жүрөгүмө отуң салып кетипсиң,

Сенде кетти кулдугум.

Күйүт деп келемин, армандап. ырдап,

Алыпсың сүйүүмдү билгизбей уурдап

Кайырма: